Каралды:
№95 МГ
Пед.кеңешмесинин
2022-ж « 09 » ноябрь

Бекитилди:
№95 МГ директору
Сардарбекова А.К.
2022-ж « 14 » ноябрь

Мугалимдердин чыгармачыл тобу жөнүндө жобо

1. Жалпы жоболор.

1.1. Чыгармачыл топ - бул кандайдыр бир изилденип жаткан теманы иштеп чыгуунун мыкты жолдорун издөө максатында, айтылган тема боюнча материалдарды өздөштүрүүдө, иштеп чыгууда жана жалпылоодо өз ара чыгармачылыкка, жамааттык кызматташууга кызыкдар мугалимдердин ыктыярдуу кесиптик бирикмеси.

1.2. Чыгармачыл топ өз ишинде Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамдарын, билим берүү боюнча уюштуруу -методикалык чараларды пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу боюнча усулдук сунуштарды жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

1.3. Чыгармачыл топ мектептин окуу тарбия процессинин алкагында түзүлүп, өз ишмердүүлүгүн жүргүзөт. Топто иштөө - билим берүү жаатында жаңы долбоорлорду түзүү боюнча иш-чаралар жана окуу материалдардын, методикалык иштердин иштелмелерин иштеп чыгуу боюнча иштер жүргүзүлөт .

1.4. Педагогикалык иштин принципиалдуу жаңы формаларын иштеп чыгууда чыгармачыл топ ар кандай деңгээлдеги заманбап инновациялык методдорго жана алдыңкы педагогикалык тажрыйбага таянууга укуктуу.

1.5. Бул жобонун меенету чектелбейт. Бул жобо жаңысы кабыл алынганга чейин колдонулат.

2. Чыгармачыл топтун негизги милдеттери жана максаттары

2.1. Чыгармачыл топтун негизги максаты - билим берүү жана билим берүү процессии өркүндөтүү менен бирге илимий-педагогикалык изилдөөлөргө жана илимий-практикалык издөөгө катышкан мугалимдерди бириктирүү.

2.2. Чыгармачыл топтун негизги милдеттери:

• билим берүү мейкиндигин кеңейтүү жаатында мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу;

• мугалимдерди топтун ишинин жүрүшүндө алган билимдерин өз алдынча жана терең кеңейтүүгө түрткү берүү;

• чыгармачыл мугалимдерди, изилдөөчү-педагогдорду издөө жана колдоо, алардын иштеп чыгууларын, идеяларын ишке ашырууга көмөктөшүү;

• кесиптик чеберчиликти өркүндөтүү,мугалимдердин курамынын чыгармачыл активдүүлүгүн өнүктүрүү;

• мугалимдердин ишинин натыйжаларын жалпылоо, иштин натыйжаларын жайылтуу, мугалимдердин чыгармачыл өсүшү;

• биргелешкен иште кесиптик маселелерди чечүү, инновациялык процесстерди өздөштүрүүд бири-бирине жардам берүү;

• жаңы педагогикалык методдорду, технологияларды, дидактикалык материалдарды, билим берүү иш-аракеттеринин кыскача баяндамаларын иштеп чыгуу, топтоо, сыноо жана

жайылтуу.

• пикирлеш мугалимдердин чыгармачыл тобун түзүү.

3. Чыгармачыл топтун ишин уюштуруу

3.1. Чыгармачыл топ мектептин администрациясынын демилгеси менен түзүлгөн.

3.2. Чыгармачыл топ - бул ар кандай иш тажрыйбасына ээ, ар кандай көйгөйгө кызыкчылыктын биримдигинин, мүмкүнчүлүктөрдүн жана өз ара тилектештиктин негизинде бириккен мугалимдерди ыктыярдуу жамааты.

3.3. Мектептин чыгармачыл тобунун иштешинин бардык маселелери жамааттык түрдө чечилет, ар бир адам изилденген теманы иштеп чыгууга катышат. Мугалимдер - чыгармачыл топтун мүчөлөрүнө өздөрүнүн практикалык материалдарын сунушташат, сунуш кылынган материалдар боюнча чыгармачыл топтун мүчөлөрү өз оюн билдиришет.

3.4. Топтун ишмердуулугунун натыйжалары педагогикалык жамаатка жана кызыкдар тараптарга жалпыга маалымдуулук кылынып турат.

3.5. Чыгармачыл топтун жетекчиси - мектептин администрациям тарабынан тандалып алынган жамааттык иштин үзүрлүү формаларын уюштуруу жөндөмүнө ээ мугалим. Топтун жетекчиси чыгармачыл топтун темасын, иштөө методдорун жана формаларын иштеп чыгуу стратегиясын сунуштайт, материалдарды жалпылайт жана тутумдаштырат, сунуштарды талдайт жана аларды топтун талкуусуна коет.

3.6. Чыгармачыл топ өз ара кесиптик аракеттенүү зарылдыгы бүткөнгө чейин иштейт.

4. Чыгармачыл топтун ишинин мазмуну

4.1. Билим берүү көйгөйүн изилдөө, аныктоо, мугалимдердин практикасында идеяларды сыноо.

4.2. Эмгек тажрыйбасынын натыйжаларын жалпылоо жана жайылтуу, мугалимдердин чыгармачыл өсүшүн жогорулатуу боюнча иштерди жүргүзүү.

5. Чыгармачыл (жумушчу) топтун курамы

5.1. Чыгармачыл топ ыктыярдуу негизде ишке чыгармачыл мамилеге кызыккан мугалимдердин арасынан түзүлөт. Чыгармачыл топтун курамына окумуштуулар жана консультанттар кириши мүмкүн.

5.2. Чыгармачыл топтун сандык курамы чектелбейт жана мобилдүү (өзгөрүлүп туруучу) болушу мүмкүн.

5.3. Чыгармачыл топтун жетекчиси:

• маалымат чогултуунун формаларын аныктайт;

• материалдарды жалпылайт жана тутумдаштырат;

• сунуштарды талдап, топтун талкуусуна коет, теманы, долбоорду иштеп чыгуу стратегиясын сунуш кылат.

5.4. Чыгармачыл топтун мүчөлөрү төмөнкүлөргө жооптуу:

• чыгармачыл топтун иши үчүн документтерди сапаттуу даярдалышына;

• апробациянын натыйжаларын объективдүү көзөмөлдөөгө;

• окуучулардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн жана жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен "Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндө" Мыйзамын жана жаңы ченемдик укуктук актыларды ишке ашырылышына.

6. Чыгармачыл топтун документтери

Чыгармачыл топтун ишмердуулугунун педагогикалык продуктусу болуп материалдардын методикалык жыйындысы саналат .

7. Корутунду

Бул жобонун мөөнөтү чектелбейт. Жобо жаңы жобо кабыл алынганга чейин колдонулат.